КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Садыр аке айылдык Кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы**

# ТОКТОМ

**20-декабрь 2022-жыл № 57** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагындагы Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстеликтин аянтындагы тротуарларды оңдоо, брусчатка төшөө жөнүндө**

Садыр аке айыл аймагындагы Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстеликтин аянтындагы тротуарларды оңдоо, брусчатка төшөө үчүн дем берүү гранттка 341178 (үч жүз кырк бир миң бир жүз жетимиш сегиз) сом акча каражаты талап кылынып жаткандыгын эске алып, айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы Н. Сыдыкованын маалыматын угуп жана талкуулап Садыр аке айыл аймагынын айылдык Кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстеликтин аянтындагы тротуарларды оңдоо брусчатка төшөө боюнча долбоору ишке ашкан учурда өздүк салым катары мектеп бөлүмүнөн 31113390 “Башка курулмаларды капиталдык оңдоо” беренесинен 341178 (үч жүз кырк бир миң бир жүз жетимиш сегиз) сом акча каражаты 2023-жылдын бюджетинин кварталына коюлсун.

2.Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозалиевге жана ФЭБнүн башчысы Н. Сыдыковага тапшырылсын.

4.Токтомду көзөмөлгө алуу жагы «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча» туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

Жиберилди: А.Өкмөтү-1, Каржы бөлүмү-2, Обл. Юст башк.-2.

**Жергиликтүү депутаттардын XXVIII чакырылышынын Садыр аке айылдык Кеңешинин кезектеги 11- сессиясынын**

**Ч Е Ч И М И** 1

“20” декабрь 2022ж **Григорьевка а.**

1- маселе Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстеликтин тротуарларын ондоо брусчатка төшөө

Сессиянын төрагасы: Чичканбаев Б.С
Катчысы: Медерова Мээрим
Катышты: 18 адам
Угулду:

- **Курумшиев Ж** – айылдык кеңештин депутаты – бул абдан туура көтөрүлгөн маселе. Бул ишти Мамлекеттик дем берүүчү гранттан жалпы сметалык баасынын 80% сурап, жергиликтүү бюджеттен 20% киргизип аткарууга алынышы керек.
- **Мамытова Г** - айылдык кеңештин депутаты- Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстеликтин тротуарлардын сапаты кетип, эстеликтин тышкы көрүнүшүн бузуп жатат.

Бул маселе боюнча депутаттар талкууга алгандан кийин, айылдык Кеңештин сессиясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ кылат:**

Улуу Ата Мекендик согушка арналган эстеликтин тротуарларын ондоо брусчатка төшөө үчүн 2023-жылдын бюджетинен жалпы сметалык баасынын 20% каралып, калган 80% мамлекеттик дем берүү грантына проект жазып, өткөрүү иштерин айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрагасы** **Чичканбаев Б**

**Жооптуу катчы** **Медерова М.**